# Эмгек ишмердигин жүргүзүү үчүн патент

## Эмгек патенти деген эмне

Бул документ Орусияга кирүүдө виза талап кылынбаган өлкөлөрдүн жарандарына Орусияда иштөөгө укук берет.

## Эмгек патентиндеги маалыматтар

- Фото
- Аты-жөнү
- Туулган күнү
- Жарандыгы
- Эмгек ишмердигин жүргүзүүгө уруксат берген РФ региону

## Патент эмне үчүн керек?

- Орусияда иштөөгө укук берет
- Орусияда болуу мөөнөтүн узартууну мүмкүн кылат

## Патентти качан жол-жоболоштуруш керек

Орусияга кирген күндөн тарта 30 күн ичинде.

## Патент кайда жол-жоболоштурулат

Сиз иштей турган жана миграциялык каттоодо боло турган региондун ИИМ бөлүмүндө.

**Маанилүү!** Эгер бир нече региондо иштөөнү пландап жатсаңыз – патентти ошол региондордун ар биринде жол-жоболоштуруш керек.

## Патентти жол-жоболоштуруу үчүн керектүү документтер

- 3х4 см өлмөчүндөгү эки фотосүрөт
- Паспорт жана анын орус тилине котормосу (нотариустун күбөлөндүрмөсү менен)
- Миграциялык карта ("кирүү максаты – жумуш" деген белгиси менен)
- ДМС полиси
- Жугуштуу оорулардын жана адамдын иммунодефицити вирусу (ВИЧ) бар-жогун текшерүүдөн өткөнү жөнүндө медициналык корутунду
- Миграциялык каттоого туруу жөнүндө билдирме
- Орус тилин, Орусиянын мыйзамдарын жана тарыхын билгендигин тастыктаган документ
- Айып пул төлөнгөнү жөнүндө дүмүрчөк (эгер патентти жол-жоболоштуруу үчүн документтерди берүү мөөнөтү өтүп кеткен болсо

## Патентти жол-жоболоштуруу мөөнөтү

10 жумуш күнгө чейин.

## Патенттин жарактуу мөөнөтү

Патенттин максималдык жарактуу мөөнөтү — 12 ай.

## Маанилүү

2 айдын ичинде жумуш жөнүндө билдирмени жана жумуш берүүчү менен түзгөн келишимиңиздин көчүрмөсүн ИИМ бөлүмүнө бериш керек. Эгер билдирме берилбесе, патент жокко чыгарылышы мүмкүн.
Патент алуу үчүн патенттин жарактуу мөөнөтүнө толугу менен салыкты төлөш керек.